**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы билим берүү орто мектебинин башталгыч класстар усулдук бирикмесинин чогулушунун**

# токтому

**Күнү:** 24.05.21.

**УБ жетекчиси:** Байсеркеева Ж.Ж.

**Катчы:** Жакышова Р

**Катышканы:** 43 **Катышпаганы:** 1

**Күн тартибинде каралган маселелер:**

**1.** 1-класстарынын окуучуларынын окуу программасын өздөштүрүүсү жана аткарылышы жөнүндө маалымат.

**2.** Семинар, конференцияларга катышуу жана маалыматтар менен бөлүшүү.

**3.** Жыл жыйынтыгын анализдөө.

**Угулду:**

**1-маселе** боюнча башталгыч класстарынын бөлүм башчысы Топчубекова Айнагүл Бардыбековна сөз сүйлөдү:

1-классынын окуучуларынан жылды жыйынтыктап окуу ылдамдыгын, жазуу көндүмдөрүн текшерүү болуп өттү. Окуу ылдамдыгын текшерүүнүн жыйынтыгында 1-а класс 66%, 1-б класс 36%, 1-в класс 44%, 1-г класс 51%, 1-д класс 46%,1-е класс 39%, 1-ж класс 48%, 1-з класс 32%, 1-к класс 36%, 1-и класс 44%, 1-л класс 50%,1-м класс 40% түздү. Айрым класстарда тамганы тааныйт, бирок окуй албаган окуучулар кездешти. Төмөн %ды берген класстар 1-а класс Жетигенова А, 1-к класс Шайлообаева С, 1-з класс Эстебесова М.Ар бир класстын класс жетекчилери, бул окуучулардын ата-энелери менен байланышып окуу ылдамдыктарын нормага жеткирүү максатында иш алып баруу керектиги айтылды.

**2-маселе** боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Байсеркеева Жыпаргүл сөз сүйлөдү. Онлайн-семинарга, конференцияларга катышуунун жыйынтыгы чыгарылды. "Окуу керемет" долбоорунун окутуу модулдары боюнча окуу ар бир жуманын ишемби күнү өткөрүлүп жатты. Бул окууга ар бир мугалим жоопкерчилик менен катышып жатышты."Окуу керемет" долбоорунун негизинде түзүлгөн стратегияларды колдонуу менен эң жогорку деңгээлдеги сабактарды өтүп беришкен мугалимдер: Касымова Э, Жаманкулова Б, Эстебесова М, Абдивалиева А, Белекова Н, Арыкшаева А.

**3-маселе** Жылдын жыйынтыгында ар бир класстын жетишүү боюнча анализ жүргүзүлүп жыйынтык чыгарылды. Окуу кабинеттеринин жаңы окуу жылына даярдыгы, ремонт иштердин жыйынтыгы айтылды.

**Чечим**: **1.** Төмөн %ды берген класстар 1-а класс Жетигенова А, 1-к класс Шайлообаева С, 1-з класс Эстебесова М. жетекчилери окуучулардын ата-энелери менен байланышып окуу ылдамдыктарын нормага жеткирүү максатында иш алып баруу милдеттендирилсин.

**2.** Семинар, конференцияларга катышып алган маалыматтарды кийинки жылга план коюу менен иш жүргүзүү мугалимдерге жүктөлсүн.

**3.** Окуу кабинеттеринин жаңы окуу жылына даярдыгы, ремонт иштердин жыйынтыгы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

УБ жетекчи: Байсеркеева Ж.Ж.

Сканировано с CamScanner